| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ<br>АРСТАНБАП-АТА АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АРСТАНБАП-АТИНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Арстанбап-Ата айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезектеги XIV сессиясынын**

# ТОКТОМУ

**№16**

18-август 2026-жыл — Ооган-Талаа айылы.

**Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн учурда жайгашкан имаратынын функционалдык багытын өзгөртүү жөнүндө**

Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн учурда пайдаланып жаткан административдик имаратынын документтеринде объекттин функционалдык (максаттык) багыты **«төрөт үйү»** катары көрсөтүлгөндүгүн, ал эми азыркы учурда аталган имарат Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн ишин жүргүзүү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын жайгаштыруу үчүн пайдаланылып жаткандыгын эске алып, имараттын иш жүзүндөгү пайдаланылышын анын укуктук жана техникалык документтерине шайкеш келтирүү, муниципалдык мүлктү натыйжалуу пайдалануу жана айыл өкмөтүнүн административдик ишин талаптагыдай уюштуруу максатында, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарын жетекчиликке алып, Арстанбап-Ата айылдык кеңеши **токтом кылат:**

**1.** Арстанбап-Ата айыл өкмөтү учурда жайгашкан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын ишин жүргүзүү үчүн пайдаланылып жаткан имараттын функционалдык (максаттык) багытын «төрөт үйү» багытынан «административдик имарат» багытына өзгөртүү жөнүндө сунуш колдоого алынсын.

**2.**Аталган имараттын функционалдык (максаттык) багытын өзгөртүүгө байланыштуу шаар куруу жана архитектуралык, техникалык, кадастрдык жана башка зарыл документтерди мыйзамда белгиленген тартипте даярдоо жана тиешелүү мамлекеттик органдарга кароого киргизүү Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы У.Чолуковго тапшырылсын.

**3.**Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Арстанбап-Ата айылдык кеңешинин жер маселелери, токой чарба, айыл чарба жана экология, архитектура жана курулуш маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага — Ж.Абдухалилов